Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин
**2025-жылдын “_____” июнундагы**
**№ ______**тескемесине 1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 604 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлордун сынагын өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобого ылайык, 2025-жылдын 27-июнунан тартып 16-июлуна чейин 2022-2026-жылдарга Мамлекеттик социалдык заказдын программасын жана 2025-жылга мамлекеттик социалдык заказдын программасын ишке ашыруу Планына ылайык, коомдук пайдалуу долбоорлордун кайрадан сынагын жарыялайт.**

**Конкурстун катышуучуларына талаптар:**

1. Өз ишин жүргүзгөн коммерциялык эмес уюмдар (саясий партияларды кошпогондо) конкурстун катышуучулары боло алат.
2. Сынактын жарыяланган темасынын алкагында бир жылдан кем эмес иш тажрыйбасы бар.
3. Салыктар жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызы жоктор.

4. Сынактын катышуучусу юридикалык жак катары катталууга жана өзүнүн банктык эсеби болууга тийиш. Эгерде сынактын катышуучусунун банктык эсеби жок болсо, анда ага конкурстун документтерин тапшырган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде банктык эсеп ачууга мүмкүндүк берилет.

5. Бир нече коммерциялык эмес уюм келишимдик негизде долбоордук топту (мындан ары - консорциум) түзүп жана конкурска катышуу үчүн жалпы арызды жана долбоордук сунушту бере алат. Бул учурда арызда жана долбоордук сунушта уюмдар ортосундагы функциялар, бюджет, жоопкерчилик жана алардын ар биринин долбоорду жүзөгө ашыруудагы салымы ажыратылууга, ошондой эле коомдук пайдалуу долбоорлорго конкурстун катышуучусу катары консорциумдун атынан аракеттене турган консорциумдун мүчөсү аныкталууга тийиш.

6. Бир коммерциялык эмес уюм коомдук пайдалуу долбоорлорго конкурстун бир темасынын алкагында бир консорциумдун курамында гана катыша алат.

7. Бир коммерциялык эмес уюм (мындан ары – КЭУ) коомдук пайдалуу долбоорлорго (мындан ары – КПД) конкурстун бир темасынын алкагында бир гана арыз бере алат.

8. Берилген коомдук пайдалуу долбоорлордун жалпы саны 2 ден ашпоого тийиш.

**2025-жылга кайрадан Мамлекеттик социалдык заказдын программасын ишке ашыруу планы**
Бөлүм: Мамлекеттик социалдык заказдын формасы – коомдук пайдалуу долбоорлорду мамлекеттик каржылоо

| № | Коомдук пайдалуу максаттар (кыскача баяндоо) | Социалдык кызматтарды алуучулар | Аткаруучулардын категориялары | Ишке ашыруу мөөнөтү | Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу аймагы | Гранттын максималдуу суммасы, (миң сом) | Күтүлгөн жыйынтыкт (индикаторлор) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1. “Үй – бүлө баары үчүн” турмуштук оор кырдаалдагы майыптыгы бар адамдар жана улгайган жаранд тууралуу үй-бүлөлүк курчоону жана камкордукту камсыздоо** | | | | | | | |
| **1.6** | Бакубат жана сергек жашоо образын камсыз кылуу – узак жашоонун сыры. | Улгайган жарандар жана майыптыгы бар адамдар | КЭУ | 12 айга чейин | Жалал-Абад облусу | 869,5 | Бакубат жашоону жана жашоону камсыз к борборлор аркылуу жылына жакын адамга социалдык көрсөтүү (эс алуу, м социалдык ж.б.) |
| | | | | | Ош облусу | 817,3 | |
| | | | | | Ош шаары | 814,6 | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **2501,4** | |
| **1.7** | Акыл-эс жактан бузулуулары бар балдарга (анын ичинде майыптыгы бар жаштарга) реабилитациялык кызматтарды көрсөтүү | Майыпытыгы бар балдар жана жаштар | КЭУ | 12 айга чейин | Жалал-Абад облусу | 869,5 | Майыптыгы бар балдарга жаштарга жетишпеген көндү (абилитация) өнүктүрүү жол 700дөн ашык адам сош кызматтарды алат. |
| | | | | | Ош облусу | 817,3 | |
| | | | | | Ош шаары | 814,6 | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **2501,4** | |
| | | | | | **Жалпы суммасы:** | **5002,8** | |
| **2. “Үй – бүлө баары үчүн” турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарга кам көрүү жана үй-бүлөлүк курч жана камкордукту камсыздоо** | | | | | | | |
| **2.1** | Зордук-зомбулукка жана эксплуатацияга кабылган балдардын санын кыскартуу, кибер | Турмуштук оор кырдаалдагы балдар | КЭУ | 12 айга чейин | Жалал-Абад облусу | 846,2 | Катаал мамилеге, эксплуа дуушар болгон балдардын кыскартуу үчүн түшүндүрүү аркылуу коомду тартуу. Ж |
| | | | | | Ош облусу | 794,1 | |
| | | | | | Ош шаары | 793,3 | |

| № | Коомдук пайдалуу максаттар (кыскача баяндоо) | Социалдык кызматтарды алуучулар | Аткаруучулардын категориялары | Ишке ашыруу мөөнөтү | Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу аймагы | Гранттын максималдуу суммасы, (миң сом) | Күтүлгөн жыйынтыкт (индикаторлор) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | коопсуздук | | | | **Бардыгы:** | **2433,6** | 6,0ден ашуун адам түшү алат |
| **2.2** | Иштеп жаткан фостердик үй-бүлөлөрдүн потенциалын жогорулатуу | Фостердик үй-бүлө жана асырап алуучуларга талапкерлер | КЭУ | 12 айга чейин | Баткен облусу | 818,6 | Багып алуучу үй-бүлөлөр окутуу тажрыйбасы коммерциялык эмес аркылуу ата-эн камкордугусуз калган бал санын азайтуу. |
| | | | | | Жалал-Абад облусу | 846,2 | |
| | | | | | Ош облусу, Ош шаары | 794,1 | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **2458,9** | |
| **2.3** | Турмуштук оор кырдаалда турган балдары бар үй-бүлөлөрдү колдоонун алдын алуу чараларын көрсөтүү | Турмуштук оор кырдаалдагы балдар жана үй-бүлөлөр, мигранттардын балдары ж.б. | КЭУ | 12 айга чейин | Жалал-Абад облусу | 846,2 | Автоматташтырылган маалы система аркылуу турмушт кырдаалдагы балдарга үй-бүлөлөргө кызмат көрсөтү менен 1800 бенефициарга алуу чараларын көрүү |
| | | | | | Ош шаары | 793,3 | |
| | | | | | Ош облусу | 794,1 | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **2433,6** | |
| **2.4** | Интернат тибиндеги балдар мекемелериндеги балдарды, анын ичинде бүтүрүүчүлөрдү үй-бүлөлүк курчоого алуу | Турмуштук оор кырдаалдагы балдар | КЭУ | 12 айга чейин | Баткен облусу | 818,6 | Ата-энелеринин көзөмөлчү калган балдарга үй-б чөйрөнү түзүү (Алардын ата укуктарынан ажыратылган же чектелгендигине, ата- дайынсыз жок болгон, а жөндөмсүз деп таанылганд алар эркиндигинен аж түрүндө жазасын жатышкандыгына байлан мигранттар, интернат тиб балдар мекемелериндеги 9-кл базасындагы бүтүрүүчүлөр ж |
| | | | | | Жалал-Абад облусу | 846,2 | |
| | | | | | Ош облусу Ош шаары | 794,1 | |
| | | | | | Чүй облусу | 1514 | |
| | | | | | Нарын облусу | 827 | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **4800** | |
| **2.5** | Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды багып алган | Фостердик үй-бүлөлөр, турмуштук оор | КЭУ | 12 айга чейин | Жалал-Абад облусу | 846,2 | Балдарды үй жайгаштыруунун альтерна формаларын өнүктүрүү макс |
| | | | | | Ош облусу Ош | 794,1 | |

| № | Коомдук пайдалуу максаттар (кыскача баяндоо) | Социалдык кызматтарды алуучулар | Аткаруучулардын категориялары | Ишке ашыруу мөөнөтү | Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу аймагы | Гранттын максималдуу суммасы, (миң сом) | Күтүлгөн жыйынтыкт (индикаторлор) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | үй-бүлөлөрдү коштоо жана аларга мониторинг жүргүзүү | кырдаалдагы балдар | | | шаары | | мониторинг жүргүзүү тажр бар КЭУларды колдоо. |
| | | | | | **Бардыгы:** | **1640,3** | |
| **2.6** | Интернат тибиндеги балдар мекемелеринде, реабилитациялык борборлордо көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуу | Турмуштук оор кырдаалдагы балдар | КЭУ | 12 айга чейин | Жалал-Абад облусу | 846,2 | Интернат тибиндеги мекемелеринде, реабилита борборлордо кызмат көрө кызматкерлердин потен жогорулатуу |
| | | | | | Баткен облусу | 818,6 | |
| | | | | | Ош облусу Ош шаары | 794,1 | |
| | | | | | **Бардыгы** | **2458,9** | |
| **2.7** | Турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн эрте кийлигишүү кызматтарын көрсөтүү боюнча иш-аракеттерди күчөтүү | Турмуштук оор кырдаалдагы балдар | КЭУ | 12 айга чейин | Жалал-Абад облусу | 846,2 | Эрте аныктоо жана кийл кызматтарын көрсөтүүчү КЭ тартуу аркылуу турмушту кырдаалдагы үй-бүле балдарынын санын кыскарту |
| | | | | | Ош облусу | 794,1 | |
| | | | | | Ош шаары | 793,3 | |
| | | | | | Баткен облусу | 818,6 | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **3252,2** | |
| | | | | | **Жалпы сумма:** | **19477,2** | |
| | **3. Коомдо зомбулукка карата ар кандай түрдөгү сабырсыздыкты калыптандыруу.** | | | | | | |
| 3.1 | Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулукка кабылган кыздарды жана балдары бар аялдарды убактылуу коопсуз башпаанек менен камсыз кылуу | Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыркап, коопсуз жайга муктаж болгондор | КЭУ, КБ | 12 айга чейин | Ысык-Көл облусу | 755,4 | Жылына 200дөн ашык аялдар башпаанек алышат. |
| | | | | | Жалал-Абад облусу | 823,3 | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **1578,7** | |
| | | | | | **Бардыгы:** | **26056,7** | |

**Конкурстун катышуучуларына керек болгон документтер:**

1. Коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга конкурска катышуу тууралуу арызда уюмдун уюштуруу-укуктук формасы, уюмдун аталышы, почта дареги, телефон номери, электрондук почтасынын дареги, уюмдун жетекчисинин мобилдик телефон номери, ошондой эле сунуш кылынган долбоордук сунуштун темасынын аталышы көрсөтүлүүгө тийиш.

2. Консорциумдун атынан конкурска катышуу тууралуу берилген арызда консорциумдун бардык мүчөлөрүнүн уюштуруу-укуктук формасы, аталышы, почталык дареги, телефон номери, электрондук почтасынын дареги жана консорциумдун атынан иштей турган уюмдун жетекчисинин мобилдик телефон номери, ошондой эле сунушталган долбоордук сунуштардын темасынын аталышы көрсөтүлүүгө тийиш.

3. Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

1) коммерциялык эмес уюмду юридикалык жак катары каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;

2) коммерциялык эмес уюмдун Уставынын көчүрмөсү;

3) коомдук пайдалуу долбоорлорго конкурстун темасы менен дал келген ишти жүзөгө ашыруу бөлүгүндө өткөн жыл үчүн (же коомдук пайдалуу долбоорлорго конкурстун катышуучусунун каалоосу боюнча өткөн бир нече жыл үчүн) уюмдун ишин баяндоо;

4) коомдук пайдалуу долбоорду аткаруучулардын билими жөнүндө документтеринин көчүрмөлөрү жана резюмеси (коомдук пайдалуу долбоорду ишке ашыруу белгилүү бир квалификациясы бар кызматкерлерди ишке тартууну талап кылган учурда);

5) коммерциялык эмес уюм экендиги тууралуу катышуучунун арызы:

а) салыктар жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарынын жоктугу жөнүндө;

б) коомдук пайдалуу долбоорду ишке ашырууга терс таасирин тийгизе турган карыздык жана башка милдеттер менен байланышкан эмес;

6) долбоорлук сунуш жана анын бюджети.

4. Консорциумдун арызына Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлордун конкурсун өткөрүү тартиби жөнүндө Жобо менен бекитилген конкурска долбоорлук сунуштарды кабыл алууну уюштуруу тартибине ылайык 1-3 жана 5 пунктчалары менен каралган документтер, консорциумдун бардык мүчөлөрүнүн документтери тиркелет.

5. Конкурстук документтер төмөнкүдөй бөлүнөт:

1) ачык:

а) салыктар, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү жана башка милдеттенмелер боюнча карызынын жоктугу жөнүндө арыз;

б) уюмдун иши жөнүндө өткөн жыл үчүн программалык отчеттун, уюмду юридикалык жак катары каттоо жөнүндө күбөлүктүн, уюмдун уставынын көчүрмөлөрү;

в) коомдук пайдалуу долбоорду аткаруучулардын билими жөнүндө документтеринин көчүрмөлөрү жана резюмелери (автобиографиялык маалыматтары);

2) жабык (купуя) - долбоордук сунуш жана анын бюджети, алар:

а) чапталган конвертте берилет;

б) же болбосо электрондук почта аркылуу PDF форматында сканерленген түрдө, коддолгон формада жөнөтүлөт. Гранттык комиссия тарабынан долбоордук сунуштарды кароону баштоонун алдында коддун шифри гранттык комиссияга анын суроо-талабы боюнча электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт.

2022-2026-жылдарга мамлекеттик социалдык заказдын программасы, конкурсту өткөрүү тартиби менен, анын ичинде тандоо критерийлери менен www.mlsp.gov.kg сайтындагы “Мамлекеттик социалдык заказ” бөлүмүндө таанышса болот, ал жерден арыздын электрондук бланкаларын көчүрүп алууга болот.

Конкурстун шарттарынын түшүндүрмөлөрүн алуу үчүн 2025-жылдын 27-июнунан тартып 0312-391556, 0704522639 телефондору боюнча кайрылса болот, Орозбаева Анара Убалиевна, dso2121@mail.ru.

Документтердин толук пакети электрондук алып жүрүүчүлөрдө, мамлекеттик же расмий тилдерде, же 2 папкада берилүүгө тийиш. Долбоордук сунуштар 2025-жылдын **27-июнунан тартып 16-июлуна  чейин** (саат 17:00 го чейин) Бишкек шаары, Чүй көчөсү 265А  (Үмөталиева\Чүй,  4-кабат 405-кабинет)  дареги боюнча же электрондук почта dso2121@mail.ru аркылуу кабыл алынат.